ЭНЦИКЛОПЕДИЯ

# МЕНИН ЖЕРИМ – КЫРГЫЗСТАН

кыргыз элинин салттуу билимдери

Бишкек 2013

УДК 391/395
ББК 63.5
М 50

Түзүүчүлөр: Мураталиев Болот Анарбекович,
Мамбетова Заря Жусуповна,
Султангазиева Роза Калыевна.

**М50** Менин жерим – Кыргызстан: Энциклопедия. Кыргыз элинин салттуу билимдери/ Түз. Б.А. Мураталиев, З.Ж. Мамбетова, Р.К. Султангазиева. - Б.: «Жаштарды узантуу ресурстары» Коомдук фонду, 2013 , -108 бет

ISBN 978-9967-27-082-4

Бул китепте кыргыз элине таандык түпкү, салттуу билимдер тууралуу маалыматтар берилет. Бул маалыматтар негизинен жаш муундарга, окуучуларга, студенттерге багытталган, бирок башка курактагы окурмандарга да кызыктуу болушу мүмкүн. Китептин жазылышы жана басмадан чыгышы «Түндүк жана ички Тянь-Шандагы жергиликтүү демилгелерди колдоо аркылуу биомаданий түркүмдүүлүктү өнүктүрүү» долбоорунун алкагында «Туруктуу өнүгүү стартегиясынын институту» Коомдук фондунун колдоосу менен Кристенсен Фонду (АКШ) тарабынан каржыланды. Бул басылманын мазмуну авторлордун жеке жоопкерчилигинде жатат жана Кристенсен Фондунун көз карашын чагылдырбайт.

The book contains information and materials about traditional knowledge of Kyrgyz people, traditional economy, culture and art based on deep knowledge about nature. The book will be useful for school and university students and for wide public. This book has been produced with the assistance of "Institute for Sustainable Development Strategy‘ Public Foundation within the framework of "Promoting bio-cultural diversity through support of local initiatives in the Northern and Inner Tien-Shan" funded by the Christensen Fund (USA). The contents of this publication are the sole responsibility of the authors and can in no way be taken to reflect the views of the Christensen Fund.

В книге изложены интересные сведения и материалы о традиционных знаниях кыргызского народа, в быту и сфере хозяйственной деятельности, культуре и искусстве, основанных на глубоких познаниях народа о природе. Книга будет полезна для учащихся и студенческой молодежи, а также может быть интересна для широкого круга читателей. Данная книга издана при поддержке Общественного фонда «Институт стратегии устойчивого развития» в рамках проекта «Продвижение биокультурного разнообразия через поддержку местных инициатив в северном и внутреннем Тянь-Шане» и профинансирована Фондом Кристенсена (США). Содержание данного издания является предметом ответственности авторов и может не отражать точку зрения Фонда Кристенсена.

М 0505000000-13
ISBN 978-9967-27-082-4

УДК 391/395
ББК 63.5

© «Жаштарды узантуу ресурстары» КФ, 2013

# МАЗМУНУ


## ААЛАМ – ЖАРАТЫЛЫШ – АДАМ

Адамзаттын түпкү билимдери ........ 5

## РУХАНИЙ ДҮЙНӨДӨГҮ БИЛИМДЕР

**Байыркы доорлордон жеткен маалыматтар** ........ 6
Көчмөндөр маданияты ........ 7
Археологиялык табылгалар ........ 10
Рун жазуулары ........ 14
Ташка чегилген тамгалар, белгилер ........ 16

**«Манас» – элибиздин улуу мурасы** ........ 19
«Манас» жана тарых ........ 20
Эпостун жазылышы ........ 22

**Элдик астрология жана астрономия** ........ 23
Жыл эсеби ........ 26
Кыргыздын физикалык билимдери ........ 28

**Табият менен мамиле** ........ 31
Аң уулоо, салбуурун ........ 33
Бүркүт, кушчулар, мүнүшкөрлөр ........ 34
Тайган, дөбөт ........ 43
Жылкы, сынчы, саяпкер, тулпар ........ 47

## МАТЕРИАЛДЫК ДҮЙНӨДӨГҮ БИЛИМДЕР

**Кол өнөрчүлүк** ..... 56
Элдик чебер ..... 60
Боз үй ..... 63
Улуттук кийим-кечек ..... 65

**Тамак-аш** ..... 72
Күлазык ..... 73
Чучук ..... 74
Сүт азыктары ..... 75
Таруу, бозо ..... 79

**Элдик дарыгерлик** ..... 80
Табыпчылык ..... 84
Дартка даба жандыктар жана чөптөр ..... 88
Арча ..... 91
Мумие ..... 93

## ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТТАР

**Бабалардын баяны** ..... 96
Кыргыздын жазма тарыхтагы издери ..... 98
Кыргыздын дөөлөттөрү ..... 99
Кыргыздын тили ..... 100

Адабияттар ..... 106

# ААЛАМ – ЖАРАТЫЛЫШ – АДАМ

## АДАМЗАТТЫН ТҮПКҮ БИЛИМДЕРИ

Өндүрүүчүлүк чарба жүргүзүүгө өткөндөн баштап, адамзат өзүнө керектүү эң негизги билимдерге ээ болду. Жалпы жонунан бул маалыматтар адамдын генетикалык эс тутумун түзүп, клеткалык дэңгээлинде сакталып турат.

Бул эң алгачкы, байыркы деп эсептелген, фундаменталдуу билимдер адамга анын аң-сезиминде, интуициялык деңгээлинде гана туюлуп, кызмат кылат. Эң биринчи, адам коомунун жаралышы менен, ал өзү тирүү эле болбостон, коомдун толук кандуу курамы да болуп калат. Ушул чактан тартып, адамдын экинчи даражадагы түпкү билимдери калыптанып келип, коомдук түзүлүштүн өнүгүүсү башталат.

Жашоо үчүн эң жогору бааланган жоопкерчилик, карамдуулук, күйүмдүүлүк, рационалдуулук, ж.б. сапаттар мүнөздүү. Башкача айтканда, Жаратылыштын шартына туура келгенде гана аман калуу мүмкүн болгон. Шарттуу түрдө айтылган алгачкы жана экинчи даражадагы байыркы билимдер Жаратkandын буйругуна жооп бергендиктен алар алгачкы, түпкү билимдер деп каралат.

Кыргыз элинин салттуу билимдеринин баркы, зарылдыгы жана мааниси эмнеден байкалат? Эмне үчүн аларга муктаждык күчөп жатат?

Себеби, кыргыздар эң байыркы элдердин бири болгондуктан, алар түпкү билимдерди жоготпой, сактап келатат. Бул билимдер далай башка көптөгөн элдерде да болгон. Бирок миңдеген жылдар бою отурукташкан шарттагы жашоодо алар аны сактай алган эмес. Жаратылыштан алыстаган сайын өндүрүүчүлүк ыкмалардын өнүгүшү менен адам жашоосунун маңызы, мааниси, максаттары өзгөрө баштаган. «Эптеп аман калуу» тилектери жоюлуп, унутула баштады. Эми ашыкча азыктарды камдап алуу, кулдарды пайдалануу, материалдык, социалдык жана саясий теңсиздиктер жаралды, согуш аркылуу байлык топтоо жолдору пайда болду.

Жаратылыштын шартына ылайыкташып XX кылымдын биринчи жарымына чейин кыргыздар көчмөндүүлүк шартында жашап келгендиктен, алар түпкү билимдерди жоготпой, сактап кала алган.

Дастан Исламович Сарыгулов,
«Теңир Ордо» кыргыздын улуттук
дөөлөттөрүн сактоо фондунун
негиздөөчүсү



Сүрөтчү Мусабай уулу Майрамкулдун фондусунан.

# РУХИЙ ДҮЙНӨДӨГҮ БИЛИМДЕР

## БАЙЫРКЫ ДООРЛОРДОН ЖЕТКЕН МААЛЫМАТТАР

Ар элдин өткөн тарыхы жана энчилүү маданияты болору чындык. Тарых - элдин алмуздактан берки баскан жолун, өткөн жашоо тиричилигин, тагдырын жана азыркысын кабарласа, маданият ошол элдин рухий жана материалдык казынасынан кабар берет.

**Маданият-адам баласынын жашоосундагы ой-санаасынын, кыялынын, таалим-тарбиясынын, тиричилигинин, эмгегинин сулуулугун жана жаратылыш менен болгон мамилесин аныктаган түшүнүк.**

Ошол доордун, элдин жана жеке адамдардын акыл-эси, рухий өсүш деңгээли маданият аркылуу маалымдалат.

Кыргыз тилине «маданият» араб сөзүнөн кирген жана ислам доорунан бери колдонулат. Байыркы эне тилибизде маданият түшүнүгү жалпы мааниде айтылган.

Маданият рухий жана материалдык маданият болуп экиге бөлүнөт.

**Рухий маданиятка** адамдардын аң-сезими, адеп-ахлагы, дүйнө таанымы, агартуучулугу, тарбия-таалими, укугу, философиясы, жүрүм-туруму, эстетикасы, илими, өнөрү, адабияты, аңызы, диний ишеними ж.б. кирет.

**Материалдык маданиятка** адам баласынын кол менен жасаган эмгек куралы, кийимдери, үй-жайы, мындайча айтканда, архитектура, дизайн жасалгалары, байланыш, техника, жол байланышы ж.б. камтылат.

Маданияттын алтын казынасын эл түзөт жана аны кылымдан кылымга көкүрөгүндө сактап келет.

Байыркы тарыхы мол кыргыз эли башынан бай маданият күткөн. Кыргыз маданияты негизинен Орто Азия жана Батыш Сибирдеги көчмөн элдердин орток жаралган маданий мурасынан калыптанган. Кыргыздардын рухий дүйнөсү башкаларга деле жеткиликтүү болгон, андыктан алар бөлөк элдин маданият үлгүсүн да тез кабыл алган, байыркы маданиятынын өсүшүнө ар түрдүү көчмөн жана кошуна элдердин таасири тийген. Болжолдоп айтканда, отуздай уруулар менен катнашта жашаган байыркы кыргыздардын маданиятынын алтын доору VII-IX кылым болгондугу такталды. Кыргыздар Таң сулалеси (империясы), сактар, хундар, дөөлөстөр, уйсундар, жужандар, тибеттиктер, түргештер, түрк, уйгур сыяктуу көчмөн жана отурукташкан элдер, уруулар менен мамиле курган. Ошондой эле Улуу Жибек жолу аркылуу өткөн Иран, Афганистан, Индия, Сирия, Византия, араб ж.б. өлкөлөрдүн маданияты менен да

Латын тилиндеги «культура» (жөндөө, иштетүү) деген сөздүн уңгусун «культ» (аздектөө, сыйлоо) деген түшүнүктөр түзөт. Ал эми бул жагдай маданият таануу илиминде орчундуу мааниге ээ. Ал байыркы адамдар табиятты иштетүүдөн мурда аны аздектей билишкендигин көрсөтөт.

кабардар болушкан. Далилдерге таянсак, кыргыздардын тил байлыгында эзелтен башка тилдерден кирген сөздөр арбын, мисалы кыргыз тилинде кытай, түрк, монгол ж.б. элдердин сөздөрү жолугат. Кыргыздардын элдик бедериндеги (орнамент) оюмдарынан Чыгыш менен Батыштын жана башка көчмөн элдердин кол өнөрчүлүгүнүн таасирин байкоого болот. Ошондой эле дин ишеними, каада-салт, алгачкы жазуулар боюнча да биргелик, ортоктоштук, окшоштуктар кыйла көп.

Байыртан берки кыргыз тарыхын изилдеп көрсөк, элибиз кайсы доордо кандай материалдык жана рухий маданиятка жетише алганын же кабарсыз калганын азыр ачык көрө алабыз. Биздин бабаларыбыздын байыртан берки түзгөн, укумдан-тукумга калтырган аялуу рухий асыл мурастары бар. Алар кунарлуу сөз өнөрү, орошон оозеки чыгармачылык, ырлар, дастандар, эпостор, накыл сөздөр, акылмандык, бай санжыра, дин ырасымы, сырдуу эпиграфика, таштагы руна керээз жазуулар, ар кандай балбалдар, эзелки шаар калдыктары, аземдүү архитектура, куттуу боз үй, кооз күмбөздөр, кол өнөрчүлүк, чебер уздардын өнөрү, көчөттүү оюулар, залкар күүлөр жана башкалар - бул элибиздин накта тарыхы, дүйнөгө ызааты, көз карашы жана элибиздин нарктуу бай маданияты.

Улутубуздун байыркы тарыхын жана маданиятын оозеки санжыралардан, элибиздин аңызынан, уламыштын байыркы кытай, араб, тибет, монгол жазууларынан, таштагы чийүү сүрөттөрдөн жана руна жазуулардан табабыз.

Тарыхчылардын, изилдөөчүлөрдүн маалыматы боюнча кыргыз элинин эзелки маданиятынын калыптануу мезгили байыркы Энесай доору жана орто кылым (караханийлер) деп бөлүнөт. [21]

## Көчмөндөр маданияты

Кыргыз эли өзүнүн миңдеген жылдык тарыхында байыркы улуу көчмөн маданиятынын көрөңгөсүн сактап гана тим болбостон, аны адам рухунун өзүнчө бир бийик сересине көтөрө алган. Мисалы, көз кубанткан Ак өргөбүз-элдин материалдык маданиятынын көөнөрбөс көз мончогу болсо, алп көлөмдүү «Манас» жомогу-элибиздин адамзаттын акыл-эс ааламынын албан бир этабына койгон асылзат эстелиги болуп саналат.

Эл тарыхын маданият таануу айдыңынан кароодо төмөндөгү эки жагдайды: элдин тарыхый жашоо ыңгайынын тибин жана анын тилинин бөтөнчөлүгүн эске алуу зарыл. Маданият таануу илиминде адамзаттын өнүгүү баскычындагы бурулуш учур анын көчмөндүктөн отуруктаашууга өтүү кезеңи менен байланыштырылат. Көчмөндүктөн отурукташууга өтүүнүн негизги себеби жер иштетүүнүн келип чыгышы менен түшүндүрүлүп, бул «маданияттын төрөлүшү» катары сыпатталат.

Көчмөн жашоо ыңгайы отурукташканга караганда кыйла



Колодон жасалган ат жабдыгы. Биздин доорго чейинки VIII-VII кылымдарга таандык. Ысык-Көлдүн Барскоон капчыгайында табылган.
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейинин фондусунан

Ысык-Көлдүн түбүндө калган эски шаарлардын урандылары бизге дагы көп сырларды жеткире тургандай сезилет.

башкача түшүнүктөрдү жана дөөлөттөрдү калыптандырат. Айталы, отурукташкан элдер мезгилди «өткөн чак-учур чак-келер чак» деп келки-келки сыпаттап, ал эми мейкиндикти геометриялык үч өлчөм аркылуу кабылдаса, көчмөн маданиятта мезгил-аккан суу, соккон жел, эшилген кум менен туюнтулуп, тынымсыз өзгөрүүдөгү, баш-аягы үзүлбөс, агып турган бүтүндүк катары түшүндүрүлөт. Мейкиндик элементтери бири-бирине баш ийип, өз ара айкалышып, иерархиялуу жашаган реалдуулук катары туюнтулат. Отурукташкан элдерде болмуштун фундаменталдуу чен-өлчөмү катары кабылдануучу тарыхтын ролун көчмөндөр үчүн аңыз, уламыш, жомоктор, дастандар ж.б. аткарат.

Отурукташкан маданияттын тиби үчүн философия б.а. аналитикалык, логикалуу ой-лоого негизденген илим-билим, түшүнүктөр, аныктамалар системасы мүнөздүү болсо, көчмөн маданиятка поэтикалуулук, элестүүлүк, салттуулук, мурастоочулук, таалим-тарбияда болсо жекече өрнөк, нускоочулук мүнөздүү. Отурукташкан элдерде мугалим өз окуучуларын башка бирөөнүн өрнөгүндө «ушул адамдай бол» деп тарбияласа, көчмөндүк практикада устат шакиртин өз өрнөгү менен «мендей, же менден артык бол» деп тарбиялайт. Ошентип, жашоонун отурукташкан тибине кызмат кылууга чакырылган педагогика адамды эрежелердин алкагына «камап», көбүнчө тарбиялануучунун акыл жөндөмүн, ойлоо ыкчамдыгын өрчүтүү жагына ыктап, анын жеткен жери-илим-билимдүүлүк, турмуштун туткасы-көпчүлүктүн колунда деген түшүнүккө оой берет.



Ал эми көчмөн маданияттын тиби адамдагы абалкы жөндөмдөрдү, айталы, баамчылдыкты, сезимталдыкты, кыялкечтикти, жүрүм-турумдагы эркиндикти, жаратмандыкты, оозеки поэтикалык жана угармандык жөндөмдөрдү өнүктүрөт. Жазуу-сызуунун келип чыгышы сөздү толугу менен саясий бийликтин куралына айландырат да («Жазылганды аткар!»), оозеки сөз, чыгармачылыктын адепки түрлөрү «артта калган, караңгы, түркөй» элдердин маданияты катары эсептеле берет.

Биз кээде «экономикалык жана маданий жактан артта калган элдер» деген сөздү эшитебиз. Акыйкатта, экономика ар дайым эле маданияттын деңгээлин аныктай бербейт. Абалтан эле элдин тарыхы, маданияты, тили ж.б. анын оозеки чыгармаларында кеңири чагылдырылып келген. Фольклор (анг. фольк - эл, лоре - көп түрдүүлүк) элдин чыгармачылык, жаратмандык күчүнүн туу чокусу, анын улуттук бөтөнчөлүгүнүн эн-белгиси. Андыктан, өзүнүн фольклору жарды деген дегеле эл болбойт. Демек, «маданий жактан артта калган» деген түшүнүк насилинде натуура ой.

Көчмөндөрдө болмуштун эч ким таап, чече алгыс табышмактуу сырларын ачууга же аларды өз билгениндей чечмелөөгө тыюу салган көзөмөлчүнүн милдетин аткарып келген ритуал, ырым-жырым, салт-жөрөлгөлөрдүн ордуна отурукташкан маданиятта юридикалык институт-укук (ук+ук) адилеттик бийлигин өз колуна алат. Табияттын тартуусун гана алып, ага тартуу берип туруунун ордуна, гүлдөп өсүүнүн булагы катары коомдук культ чыгарма-



Алтындан жасалган маска. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейинин фондусунан.

Чүй областынын Покровка айылында табылган илгерки турак жайлардын урандылары.





Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган шам чырак. Кыргыз-Славян университетинин археологиялык музейинин фондусунан.

Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган илгерки чарба шаймандары ата-бабаларыбыздын ошол кездеги пайдаланган буюмдардан элес берет. Кыргыз-Славян университетинин археологиялык музейинин фондусунан.

чылык «өнөр» эмес, чымырканган «эмгек» алдыңкы планга чыгат… [8]

## Археологиялык табылгалар

Элдин эзелки жашоосун жана маданиятын таап, эскилигин өлчөп, жашын эсептей турган **археология** деген илим багыты бар. Аны грекчеден которсо, "байыркы жөнүндө илим" деп окулат. Кылым сырын билген археологдор жер астында жер каймактагандан бери көмүлүп жаткан кабырды таап, казып, байыркы адамдардын ата конуштарын, оокат-тиричилигин, элдин кайсы доордо жашагандыгын, турмушун жана коом тарыхын аныктап айтып беришет.

Археологдор байыркы адамдардын жер үстүндө эки миллиондон ашык жыл жашагандыгын кабарлайт.

Дүйнөлүк илимий чөйрөгө кадыр-баркы бар окумуштуулар С. В, Киселев, А. П. Окладников, А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон жана башкалар Түштүк Сибирь жана Ала-Тоо жергесин изилдеп, кыргыздардын байыркы тарыхы менен маданиятынын жаңы даректерин таап, ачылыштарды жасашып, биздин улуттук илимибиздин өсүшүнө зор салым кошушту.



**Доорлор жөнүндө баян.** Эрте палеолит доорунда (б.з.ч. 800-140 миң жылдар) адамдар үңкүрлөрдө топтошуп жашап, жалаң кара курсактын камын гана көрсө, ортоңку палеолит доорунда (б.з.ч. 14-40 миң жылдар) адамдын акыл-эстүү боло баштаганы сезилет. Алар аңчылыктан улам териден кийим кийип, найза, бычак жасаган жана жаратылышка сыйына баштаган. Соңку палеолит доорунда адамдардын жашоого карата күрөшү күч алат, айбанаттан коргонот, бириндегендер баш кошуп, уруулата биригип, ой жүгүртө күн көрөт, бара-бара теңсиздик күчөйт, аялзаттын, эненин (матриархат) бийлиги доорон сүрөт.

**Ортоңку таш доору.** Ортоңку таш доорунда (мезолит б.з.ч 13-6 миң жылдар) адамдардын акылы жаа менен жебени ойлоп тапканга жетишкен. Эл жер тандоону билип, журт которуп көчө баштаган. Алгачкы көчмөндөр пайда болгон.

**Неолит доорундагы маданият.** Неолит мезгилине таандык сүрөттөр (б.з.ч. 5-3 миң жылдар) Сары-Жаз дарыясынын боюндагы Ак-Чуңкур деген чоң үңкүрдө сакталган. Байыркы адамдардын эң алгачкы сүрөттөрү кызыл боёк менен тартылган букалардын, эчкилердин жана жыландардын элестери байкалып турат. Үңкүрдөн малдын сөөктөрү, жаа, жебе сы-

яктуу куралдар, таштан жасалган балта, кетмен, орок жана коломтонун орду табылган. Ошол кезде эле сөөктү, ташты жылмалоо, сайкалдоо, көзөө чеберчилиги болгон экен. Жыгачты, кайышты иштетип, чоподон идиштер жасалыптыр. Адегенде жезди, бара-бара колону иштетишкен. Адам жерди иштеткен, дыйканчылык кылууга өтүп, жан-жаныбарды өздөрүнө үйүр кылып багып, мал чарбачылыгын өздөштүргөн.

**Коло доорундагы маданият.** Доорлорду улам берилеп жакындатып сүрүштүрсөк, узакка созулган таш доорунан кийин коло дооруна (б.з.ч. III миң жылдыктан б.з.ч. X-VIII кылымга чейинки мезгил) туш келебиз. Бул доордун артыкчылыгы - таштан темирге, уруктан урууга өтүү учуру. Коло доорунда кыргыз тоолорунда, аскаларында таштарга чегилген «Саймалуу-Таштагыдай» чийүү-сүрөттөр пайда болгон. Ташка көчмөндөрдүн малчылыгы, аң улоосу, жер которуусу ж.б. иштери чегилген. Коло доорунда жез, калай, күмүш, алтын казуу, карапа жасоо, найза, айбалта, шамшар, араба, таш чегүү жана аялдардын жасалгаларын жасоо чеберчилиги өнүккөн. Көрүстөндөрдөн колодон жасалган канжар, орок, көсөө жана башка эмгек куралдары табылган. Бир үй-бүлөнүн мүчөлөрү каза тапканда бир көрүстөнгө чогуу көмүлгөн. Ата бийлигинин (патриархат) үстөмдүгү орногон. Уруулар куралып, бай жана жарды болуп бөлүнө баштаган. Ушул доордо ташта, аска бетинде сүрөттөр (петроглиф) пайда болгон.


**Андрон маданияты.** Археолог окумуштуулардын аныкта-



Кутуча. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейинин фондусунан.

Чүй областынын Ысык-Ата айылында табылган будданын сүрөтү жана Ысык-Көлдөгү Тамга айылындагы таштагы жазуулар биздин жерлерде илгери деле ар түрлүү диний агымдар орун алын келгенин далилдеп турат.







Бугулардын сүрөтү тартылган жасалгалоо буюму.
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейинин фондусунан.

масында байыркы коло доорун жашоо-тиричилигине ылайык Андрон маданияты деп аташкан. Окумуштуулар бул маданияттын аталышын Сибирдеги эстеликтер табылган бир кыштактын атынан улам алышкан. Андрон маданиятынын эң баалуу эстеликтеринин бири болуп «Саймалуу-Таш» чийме сүрөт көркөмканасы (галереясы) эсептелет.

Андрон маданияты коло дорундагы элдин жашоо-тиричилиги, материалдык байлыгы жана маданиятынан кабар берет. Археологдор Андрон маданияты учурундагы тургун жайлардан, көрүстөндөн, жер кепелерден чоподон жасаган идиштерди, алтын буюмдарды, сөйкөлөрдү, билериктерди, мончокторду, бычактарды табышты.


Андрон маданиятынын эстеликтери Алтайдан да, Казакстандан да, Уралдан да, Теңир-Тоодон да табылды. Байыркы кыргыз урууларынын негизги маданияты Андрон маданиятына таандык Түштүк Сибирде (Шибер), Орто Азияда жашаган элдердин өнөрү менен рухий дүйнөсү бири-бирине тектеш жана өтө окшош. Алар мал күтүп, дыйканчылык кылган, жер төлөдө жашаган, отко сыйынган, согуштук арабалары болгон, чоподон карапа идиш жасашкан, өрмөкчүлүк өнүккөн, терини, жыгачты иштетишкен. Ошондой эле тоодон кен казып, жез, калай, коргошун, алтын, темирди ж.б. табышкан, эмгек шаймандарын колдонушкан жана мыкты согуш куралдарын жасашкан.

**Чуст маданияты.** Кыргыз жеринин коoздугун, эли мээрман, мээнеткеч экенин Батыш-Чыгыш саякатчылары, изилдөөчүлөрү, тарыхчылары байыртадан эле белгилеп келишкен жана жазмаларында калтырышкан. Байыркы доордо эле бул берекелүү жерди ар түрдүү уруулар байырлап, тиричилик өткөргөнүн азыркы күндүн оку-

Балбал таштары, аскалардагы тартылган сүрөттөр илгерки тургундардын чеберчилик, чыгармачылык деңгээлин даана чагылдырып турат.







муштуулары тастыктап турат. Чынында, азыркы күндө ошол элдердин аттарын бирден санап так айтуу кыйын, даректери аз. А бирок, жамы элден Чуст маданияты деген мурас калган.

**Чуст маданияты** Ош шаарынын тегерегинде жана Чыгыш Фергана аймагында, далай кылымдарда (б.з.ч. 2 миң жылдыктын акырынан б.з. VI-VII к. чейин) бир нече уруулардын жашоо-тиричилигинен улам пайда болгон. Чуст маданиятынын эстеликтери Өзгөн, Кара-Суу, Куршаб, Ноокат аймагынан да табылды. Негизги тургун жайлары Намангандагы Чуст кыштагы, Ош шаарына жакын Айым кыштагынын тегерегиндеги кирпич менен дубал тосулган жердеги жай, Дарверзин, Чымбай жана башка жерлер.

Оштогу Сулайман тоосунун атагы б.з.ч. эле Орто Азия, Фергана, Чүй, Согду, Чыгыш Түркстанга жайылган. Манихейчиликке берилгендер жөө-жалаңдап жол басып, Сулайман тоосуна сыйынып келүүнү өз вазийпасы катары көрүшкөн. Сулайман тоосу Орто Азиядагы диний, маданий идеологиялык борборлордун бири болуп калган. Сыйынганы келгендер тоо этегине чоподон, кыштан, жер төлө, жыгачтан алачык жасашып, бара-бара тоо курчамы бүткөн соң, тектир-тектир турак-жайлар түзөңгө түшүп, катары көбөйгөн. Азыр байкасак, бир-бирине өтмө салынган жер төлөлөр, курулуштар жалпы жамаатка үй катары кызмат кылган көрүнөт.

Ош шаарынын негиздөөчүлөрү Коло доорунда эле суу жээктерин бойлой чоподон там салган, урууларга бөлүнгөн, манихейчилик көз караштагы дыйкандар жамааты эле. Байыркы кыргыздар сыяктуу табияттын күчүнө - отко, күнгө сыйынган чусттуктар кийинчирээк ислам динине ооп кетишкен.



Чуст маданиятынын эстеликтеринин бири болгон Ош шаарындагы Сулайман тоосунун бүгүнкү күндөгү көрүнүшү.

Чусттуктар колону эриткенди мыкты билишкен, куралдарды жасашкан, ташты мыкты чегишкен. Алар эгинин, жер-жемишин, кооз кумараларды, жаргылчагын, сок- билегин, сокосун, кол орогун, бычагын, барсканын, кетмендерин, жоо-жарактарын, ат жабдыктарын тоодон түшкөн көчмөндөргө сатып турушкан. Көчмөндөр аларга мал, тери буюмдарын, жүндөн жасалган кийимдерин алмаштырышкан.

Чусттуктар негизинен дыйканчылык менен жан багышкан, мөмө-жемиш өстүрүшкөн жана кой-эчки күтүшкөн.

Чусттуктар кол өнөрчүлүгүн мыкты өнүктүргөн, айрыкча ка-

рапаны, кооз буюмдарды, күзгү, шуру-мончок, сөйкөлөрдү мыкты жасашкан.


Коло доорунун адамдарынын жетишкендиги деп эсептелген «Саймалуу-Таш» дагы Андрон маданияты, Чуст маданияты учурунда жаралган.

## Рун жазуулары

Кыргыздарды дүйнөгө белгилүү кылган, батышта "рун" деп аталган, жазма алфавиттин тарыхы биздин доордон эчак эле мурдагы убактардан башталат. Биздин доордун V кылымында эле алфавиттин кыскартылган варианты 31 тыбышты аныктаган 28 тамгадан турган (таблицаны кара). Рун алфавити кыргыздарга таандык экендиги жөнүндө дүйнөгө белгилүү окумуштуулардын калтырып кеткен маалыматтары бар (Малов С.Е. ж.б.). Энесайдагы ташка чегилген жазмаларды изилдеп чыккан дүйнөгө белгилүү түрколог С.Е. Малов өзүнүн китебинде минтип жазат: «...Вслед за крупными авторитетами - академиком В.В.Радловым и профессором В.Томсеном - я не имею никаких причин не считать эти енисейские памятники принадлежащими киргизам». Ошол эле китебинде С.Е. Малов: «*Таким образом, ..., можно сделать вывод, язык енисейских памятников письменности V в. представляет собой древний киргизский язык*», - деп, рун алфавити да, аны менен жазылган маалыматтар да кыргыздыкы экендигин баса көрсөткөн. Рун алфавитин түзгөн адамды акылман деп бекеринен табышпаса керек. Анткени рун алфавити дүйнөдө узак жашаган алфавиттерге кирет. Тилекке каршы, бүгүнкүгө чейин, автордун ысымы тарыхта белгисиз бойдон калууда.

Энесай-Алтай аймактарында кыргыз-рун жазмалары жыш кездешет. Мисалы, ошол жактагы Алтын–Көл деген жерден табылган жазуунун котормосун карап көрөлү.

1. «Жоокер болсар эли, аркалмк (тоолук) эли, эр атым Эрен Улук - жоокер элинин баатырымын.»
2. «Жоокер элим, болсар элим, акылынан адашты деп жорушбады эр энчими кызыма.»
3. «Ак уйдеги акылдашмма, канчайыма, ажмрап барагып мен уулума, элиме ыраазычылыгымды бере албадым.»
4. «Отуз сегиз жашыма ...»




Кыргыз рун жазмасы. Алтын-Көл, Хакасия. Енесайлыктардын рун жазмасы тууралуу маалыматты эң алгачкылардан болуп Н.Г. Спафарий (1675-ж.) аттуу саякатчы жазып кеткен. Ал эми ал жазмалардын жандырмагын табууну 1892-жылы В. Томсен баштаган.

**Таблица 1.** Байыркы кыргыз рун алфавити.

| Байыркы кыргыз рун алфавити | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Таластыкы | | | | | | | | | | | | | | |
| Энесайдыкы | | | | | | | | | | | | | | |
| Орустуку | А, Э | Б | Г | Гь | Д | Дь | НЧ | З | И | Й | К | Кь | Л | ЛТ |
| Таластыкы | | | | | | | | | | | | | | |
| Энесайдыкы | | | | | | | | | | | | | | |
| Орустуку | М | Н | П | Р | Ы | С | Т | У, О | Ө, Ү | Ч | Ш | Ң | НТ | Баш |

**Таблица 2.** Элдик тутунуулардан.

| Элдиктутунуулардан | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Белги | | | | | | | | | |
| Аталышы | Манас белги | Теңир белги | Төгөрөк түн төрт бурчу | Умай эне | От белги | Түндүк белги | Ченем белги | Анных | Дүйнө белги |
| | | Теңир | Анх толх | | | | | | |
| Кыргыз респ. - мааниси | Акыл эстин жаралышы | Улуулук, теңдик | Дүйнөнүн толук таанылышы | Балдардын колдоочусу | Тазалагыч, жаңылагыч | Бириктиргич касиет, ааламга көз караш | Дүйнөнүн тараптуулугу | Сыр ачкыч | Дүйнөнүн ырааттуулугу |
| Хакас респ.- мааниси | Акыл эстин жаралышы | Улуулук, теңдик | Толуктук, ашкерелик | Балдардын колдоочусу | Тазалагыч, жаңылагыч | үй-бүлөнүн чакрасы | Анныхжердин төрт чакрасы | Илдеттен арылтчу ачкыч | Дүйнөнүн ырааттуулугу |




Орто кылымдарда Миңсуу (Хакасия) ойдуңунда табылган кыргыз тамгалары.
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейинин фондусунан.

## Ташка чегилген тамгалар, белгилер

Түп бабалардын келерки муундарга калтырган тарыхый жана маданий мурасынын бири Тогуз-Торо аймагындагы «Саймалуу-Таш» деген байыркы жазма эстелиги. Теңир-Тоо кыркаларында деңиз деңгээлинен үч миң метр бийиктикте Көгарт деген ашуу бар. Кышында жол жабылат, бурганак уруп, ашууну кар басып, муз тоңот. Жайкысын жол ачылганда ат, топоз менен эл жайлоого чыгат.

Ал эми «Саймалуу-Таш» жолдон обочодо, көздөн далдоо жерде. Эл атайы камынып, унаа менен эстеликти көрүүгө, тайынууга келишет.

Окумуштуулардын аныктоосунда, «Саймалуу-Таш» аскасындагы чегилген оймо - чийме сүрөттөр биздин заманга чейинки доордо эле, коло доорунда пайда болгон.

Бабаларыбыздын адепки өнөрү, ташка түшүргөн галереясы байыркы доордогу уруулардын үмүттөрүн, ой-тилегин, табиятка, сулуулукка болгон мамилесин көрсөтүп турат. Ошондой эле, элибиздин социалдык-экономикалык жана рухий турмушунан, көркөмдүк өнөрүнүн башатынан, дүйнөгө, динге карата көз карашынан, маданиятынан кабар берет.

Кыргыздар «сайма» деп көркөм өнөрчүлүктүн, узчулуктун эң жогорку чебер түрүн атаган. Сайманы кыргыз аялдары териге, кездемеге, жибекке не бир түрлөнтүп, кооздоп сайышкан, улам кийинки шакирттерине астейдил үйрөтүп келишкен.

Ташка сайма сайбасын билишсе да, элдер өрөөндөгү чегилген ажайып сулуулукту көрүшкөн, өнөрдүн баалуулугуна баа беришкен, кейпи «Саймалуу-Таш» деген атты бул жерге кийинчерээк коюшса керек. Биринчи жолу тоо койнундагы «Саймалуу-Ташка» кабылып, эзелки маданиятты өз көзү менен көргөн

Саймалы-Таштагы сүрөттөр. Биринде өгуздөрдү чегип, буурсун менен жер айдаган адамдарды, экинчисинде адамдардын күнгө сыйынганын чагылдырган сүрөттөр кездешет.





адам ушунча жүз миңдеген таш бетиндеги сүрөткө таң калышы ыктымал. «Эмне үчүн, кимдер чегип, кандай мээнет кылган жана ташка кандай куралды пайдаланган» деген суроолорго келет. «Саймалуу-Таш» тоосундагы чачылып жаткан нечен миңдеген сүрөттөр (петроглифтер) он гектар жерди ээлейт. Кадам сайын жылмакай таштардын беттеринен түркүн сүрөттөрдү, эстеликтерди көрөсүз: адам, тоо эчки, теке, аркар, бугу, ат, бука, илбирс, карышкыр, доңуз, түлкү, ит, жыландын сөлөкөттөрү. Коло доорундагы «Саймалуу-Таш» оймо-чиймесинде тематикалык сүрөттөр да арбын жолугат. Алардын эң көрүнүктүүлөрү: адамдын тоо эчкиге жаа менен аңчылыгы, бийлеп жана күрөшүп жаткан адамдар, өгүз чегилген буурсун менен жер айдоо, кайсы бир таштарда жоокерлердин арабасы тартылган, кейпи бул жылкынын пайдасын, жоокерлердин эрдигин даңазалоо болсо керек.

Кээ бир таш беттеринде Күндүн сүрөтү чегилген. Күндү кармаган, Күндү кийген адамдар. Скиф-сак аңызында (мифтеринде) падышанын бийлиги - Күн кудайынын жиберген шыбагасы деп айтылган. Сактар Күн кудайына сыйынышкан, ал эми падышаны Жердин кудайы дешкен. Ошондуктан сактардын падышалары күндүн нурун элестеткендей, алтын менен кооздолуп жасалгаланган кийимдерди кийишкен. «Саймалуу-Ташта» кош өгүз чегилген сокону кармаган адамды көргөндө коло доорунда эле байыркы уруулар жер айдоону, эгин эккенди билгенине ынанасың.

Айбанаттардан, үй жаныбарларынан башка сүрөттөрдүн ичинде жыландарга окшогон, чагылгандай ойсондогон издер кетет, муну окумуштуулар «Тоонун жолу» же кыргыз уздарынын тили менен айтканда «кыял» деп коюшат. Ушул кезге чейин кыргыз уздары «кыял» деген оюмун саймага, шырдакка, килемге, ал эми усталары ат жабдыктарга, кемерге, кылычтарга, жыгачтарга түшүрүп келишкен. «Саймалуу-Таштагы» сүрөттөр кыргыздардын алгачкы жазуусунун, эн тамгаларынын, улуттук оймо-чиймелеринин, кол өнөрчүлөрүнүн байыркы башаты дегенге ылайыктуу жана ар түрдүү доордогу эмгектердин үзүрү. [21]

Байыркы бабалардын аскалардагы сызуу-чиймелериндеги эн тамгаларда жана руна сымал жаз-



Христиандардын крест белгиси да (жагалмай тамга) кыргыз урууларынын эн тамгаларынан алынганы белгилүү болду.



Күнгө табынууну чагылдырган сүрөт. Саймалуу-Таш.

маларында христиандар колдонуп келе жаткан крест белгисин (кыргызча «жагалмай тамга») да жолуктура аласың. Байыркы көчмөндөрдүн, анын ичинде кыргыз урууларынын эн тамгалары кийинки доордогулардын ыйык белгиси, символу болуп калгандыгы табышмак.

Байыркы тектеш жашаган бабаларыбыз - алгачкы сүрөтчү чеберлер адамдардын турмушун, чөйрөсүн, салтын, сыйынган сый-кырдуу дүйнөсүн чагылдырган. Мындайча айтканда, «Саймалуу-Таш» - тоодо мал багып жашап өткөн бабалардын сүрөт аркылуу ташка жазып калтырган маданияты.

«Саймалуу-Таш» бир эле кылымда жаралбаган, ошондой эле бир уруунун эмгеги эмес. «Саймалуу-Ташка» окшош сүрөттөр, сюжеттер, башка элестери Орто Азияда, Минусинскиде (Миң-Суу), Энесайда, Алтайда, Тувада, Монголияда да табылган. Бул жагдай сак, уйсун, хун, түрк, кыргыздардын байыркы түп маданиятын далилдеп турат. Көчмөн уруулардын сүрөт доору алардын күнүмдүк жашоосуна, чарбасына, маданиятына чоң өзгөрүүлөрдү, таасирлерди тийгизген.

«Саймалуу-Таш» эстелиги окумуштуу археолог А. Н. Бернштамдын божомолунда б.з.ч. 21-жылдарда пайда болгон дегени биротоло тактала элек. Андагы сүрөттөр 120 миңге жетет. «Саймалуу-Таш» жөнүндө маалымат илимпоздор дүйнөсүнө XX кылымдын эң башында тараган.

Кыргызстанда ташка чегилген сүрөттөр башка жерлеринде да кездешет, мисалы, Араванда, Ысык-Көл чөлкөмүндө, Таласта, Нарында, Алайда, Ошто, Баткенде, Ноокатта, Чийим-Таш, Чиймели Таш, Кат-Таш, Сүрөт –Таш, Тамга-Таш жана башка жерлерде.

# «МАНАС» – ЭЛИБИЗДИН УЛУУ МУРАСЫ

## «Манас» жана тарых

«Манас» эпосун эл жараткан, эл өзүнүн басып өткөн тарыхый жолун, аталарынын жомоктору аркылуу чагылдырган. Албетте, "Манас" эпосунда кыргыздардын жалпы эле тарыхында болуп өткөн окуяларын көрөбүз. Мында айта турган бир нерсе, «Манас» кыргыз тарыхында, кандайдыр бир же эки доордун гана чагылышы эмес, анда ар бир доор өзүнүн өзгөчөлүгү менен чагылдырылат. Албетте, алыскысы улам аз, кийинки окуялар кененирээк баяндалган деп айтсак, эпостун баянына төп келет.

Кыргыздардын тарыхы ханзу жазмаларында арбын жазылып калган. Б.з.ч. 200 жыл мурда эле ханзу тарыхчысы Сыма Цяндын «Тарыхый эстеликтер» деген китебинде «Кыргыз мамлекети» деген баян айтылган. Ошондон баштап карасак, эпосто айтылган Манас жана анын ата-бабаларынын бийлик курган (Манастын кан көтөрүлгөнү) окуясы Сыма Цяндын баянына төп келет. Мындан тышкары, «Манас» эпосунда айтылган «Алмамбет жомогу» эле тарыхта жазылган Нойон Сангун Ли Линдин кыргыз жергесине барып, ошол жерди жерденип, элденип калганы тарыхта жазылган баянды көркөм чагылдырып тургансыйт. Алмамбет жана анын уулу Күлчоронун кыргызга өткөргөн кызматын кыргыз жергесине барган Ли Линдин тарыхта жазылган баянынын көркөм берилиши деп айткыбыз келет. Кыргыз тарыхындагы биримдүү бийлик куруу, өз мамлекетин, элин коргоо сыяктуу тарыхый чындык эпосто көркөм чагылдырылган. Кыргыздар баатырды, эрдикти аябай даңазалаган. Кыргыздардын жол башчысынын мансабы «Эр» деп аталган, мисалы «Эр Манас», «Эр Төштүк». Мында «хан, хакан, каган» деген мансаптан «эр» деп аталганы жогору турган.[21]

«Манас» эпосунун жаралуу доору жөнүндө таамай изилдеген А. Бернштам: «Шахнаме» көлөмү жагынан «Илиададан»




Каган. Сүрөтчү Мусабай уулу Майрамкулдун сүрөтү.





Манасчы
Саякбай Каралаевдин
айтымында кагаз бетине
400554 сап түшкөн.

сегиз эсе көптүк кылса, «Манас» бир эле вариантында «Шахнамеден» беш эсеге арбын, демек, «Илиададан» кырк эсе көп» дейт. Ушул күндөгү маалыматтарга кулак төшөп көрсөк, Саякбай Каралаевдин айтымында кагаз бетине түшкөн «Манас» эпосунун бардык көлөмү 400554 сап, Сагымбайдан бир гана «Манас» бөлүмү 180378 сап (башка бөлүмдөрү жазып алынбаган), Жусуп Мамайдан 300000 сап кагаз бетине түшкөн. Бул үч манасчы «Манасты» эң көлөмдүү айткандардын катарына кирет.

Ал эми ушул күнгө чейин «Манас» эпосунун түрдүү варианттарынын кагаз бетине түшүү көлөмүн миллион сапка жеткирип маалымдаган басма сөздөр бар. Жуңгөдө 1950-жылдардан баштап төрт жолу «Манас» чогултуу жумушу колго алынып, бардыгы 600000 сап «Манас» материалынын жазылгандыгы белгилүү.

Салыштырмалуу түрдө дүйнөгө даңазалуу эпостор - гректердин «Илиадасы» 15693 сап, «Одиссея» 12110 сап экенин көрсөтсөк, «Манас» эпосунун көлөмдүүлүгүн байкайбыз.

Илгери «Манас» эпосу кагаз бетине түшө электе көзү өтүп кеткен Назар, Чойуке, Тыныбек, Келдибек, Акылбек, Жусубакун, Темир, Эшмат деген чоң жомокчулар болгон экен. Алар «Манас» эпосун канчалык көлөмдө айта турганын кагаз бетинде далилдеп көрсөтө албайбыз. Ал тургай Сагымбай Орозбаковдон бир гана бөлүм кагаз бетине түшкөн, Эшмат Маметжусуптун «Семетей» бөлүмү гана кагаз бетине (толук эмес) түшкөн.[21]

## Эпостордун бөлүнүшү

Кыргыз эпостору көлөмү жана идеялык-көркөмдүгү боюнча экиге бөлүнөт: биринчиси - улуу «Манас» (үчүлтиги) эпосу; экинчиси - кенже эпостор.

Жанрдык жана доордук жагынан кыргыз эпостору үч түрлүү:

1. Аңыздык (мифологиялык) эпос («Кожожаш», «Эр Төштүк» ж.б.);
2. Баатырдык эпос («Манас», «Семетей», «Сейтек», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Жаңыл-Мырза» ж.б.);
3. Социалдык-турмуштук же лирика-эпикалык эпостор («Сарынжы-Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан» ж.б.).

## «Манас» эпосуна аныктама

Кыргыздар «Манасты» «жомок» деп атап, аталардын ушул жомогун кылымдардан бери улам кийинки урпактарга өткөрүп, элдин дилинде кыт болуп куюлуп калган. Кыргыз тилинде «жомок» деген сөз окуялуу баян, окуя деген мааниде болуп, «бир нерсени жомоктотуп айтты, жомоктотуп сүйлөдү, жомок болуп калды дегенге окшош сөз айкаштарында «жомок» белгилүу окуяны майдалай баян-

дап бергенге тете. Ошондуктан, ата-бабанын баянын айтып келген «Манас» жомок деп айтылып, кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн (адабиятынын) жөрөлгөлүү термини катары урунулуп калган. Жомоктун кара сөз түрүндө баяндалуучу түрү «жөө жомоктор» деп айтылат. «Манас» эпосу уйкаштуу, ыргактуу, обондуу, жорго айтылгандыктан, «жөө жомоктон» айырмаланары анык. Айтмакчы, кыргыздын көркөм сөз өнөрүнүн тарыхында жөрөлгөлүү адабияттык термин-дин көч башы катары «жомок» сөзү эсептелет. Ал эми «Манас» жомогун кийинки дүйнөлүк адабият секисинен карасак, «эпос» деген термин менен аталып, дүйнө эпосторунун тизмегинде «Манас» эпосу деп айтылып кетти. «Эпос» деген сөз грекчеден которгондо «баян, сөз, жомок» деген маанини берет, ага кыргыздын тарыхта колдонулуп келе жаткан «жомок» деген адабияттык термини калыпка куйгандай дал келет. Ошондуктан «Манас» эпосу деп атоо дүйнөлүк деңгээлде калыптанып калган түшүнүккө туура келет.[21]

1. Уламышта айтылып калган манасчылар: эпостун өзүндө айтылган Ырамандын Ырчы уулу болуп, бул «Манасты» жараткан «жомокчу» болушу мүмкүн деген уламыш бизге жеткен. Мындан бөлөк Жайсаң ырчы деген да «Манас» эпосун жараткан алгачкы манасчылардан бо-



Манас айтуучулук касиет кыргыз элине гана таандык феномен. Каба Атабек уулунун айтуусунан бир элес.



Теңир уулу эр Манас. Сүрөтчү Мусабай уулу Майрамкулдун сүрөтчүлүк жөндөмүнөн жаралган кыргыздын бедерин жана эн тамгаларын эркин айкалыштырып, чыгармачылык эргүү менен түзүлгөн композициялары.

лушу мүмкүн деген уламыш бар. Андан соң, Токтогул деген чоң жомокчу болушу мүмкүн деген уламыш бар. Булар уламыш боюнча айтылган манасчылар деген манасчылар тобун түзөт.

2. Эл эсинде калган, бирок алардын айтымдары толук кагаз бетине түшүрүлүп жетпеген, (аз бөлүгү гана жеткен) манасчылар:

- Келдибек Карбоз уулу (1800-1888);
- Балык (Бекмурат) Кумар уулу (1799- 1887);
- Тыныбек Жапиев (1846-1902);
- Чойуке Өмүров (1863-1925);
- Нармантай Чоңбаш (бул маалыматтарды караңыз: «Кыргыз адабиятынын тарыхы», 2-том, 146-бети, 2002, Бишкек).

3. Варианттары кагаз бетине түшкөн, «Манас» эпосун толук айткан манасчылар:

- Шапак Ырысмендеев (1863-1956);
- Сагымбай Орозбак уулу (1867-1930);
- Жаңыбай Кожеков (1869-1942);
- Багыш Сазанов (1878-1958);
- Жакшылык Сарыков (1880-1934);
- Молдобасан Мусулманкулов (1883-1961);
- Иса Жумабек уулу (1884-...?);
- Актан Тыныбеков (1888-1951);
- Саякбай Каралаев (1894-1971);
- Мамбет Чокморов (1896-1973). (Жогорку маалыматтарды «Кыргыз адабиятынын тарыхы», 2-том, «Манасчылар» бөлүмүнөн караңыз, 2002, Бишкек);
- Жусуп Мамай (1918);
- Темир Турдумамбет;
- Эшмат Мамбетжусуп (1860-1963);
- Жусубакун Апай (1884-1922);
- Осмон Маты (1906-1970).

## Эпостун жазылышы

Манас» эпосу жөнүндө кагазга түшкөн баяндын эң алгачкысы «Мажму ат тарых» деген китеп эсептелет. Анын автору белгисиз (бирок болжол менен алганда 1503-1514-жылдарда ферганалык Сейиф-ад-Дин Аксыкенттин жана анын уулу Норуз Мухаммеддин кол жазмасы боюнча маалымат жеткен). Бул китепте «Манас» эпосу жана Манас баатырдын баяны айтылган, Манастын Жолой менен болгон согушу, ал тургай Жакып жөнүндө да баяндалат. Бул баян «Манас» эпосунун кагазга түшкөн биринчи варианты деп каралып келет. Андан кийинки маалыматтар Чокан Валиханов «Манасты» кагаз бетине түшүргөндө берилет. Ал 1856-жылы кыргыз жергесине келип «Манас» эпосунун бир окуясын – «Көкөтөйдун ашын» кагаз бетине түшүргөн жана бардыгы болуп 3320 сапты жазуу жүзүндө калтырган. Анын 910 сап котормосу 1904-жылы Санкт-Петербургда жарык көргөн. Андан соң В. Радлов «Манас» эпосун кагаз бетине түшүргөн. Ал 1862-жылы Текестен бугу

урууларынан, 1869-жылы Ысык-Көлдөгү сарыбагыш жана солто урууларынан «Манас» эпосунун үч бөлүмүнүн негизги окуяларын кагаз бетине түшүргөн. Андан тышкары «Эр Төштүк» эпосун, кыргыздын кошокторун жазып алган. В. Радлов «Манас» эпосу боюнча 11376 сапты жазып алган. Анын ичинде «Манас» бөлүмү 9449 сап, «Семетей» бөлүмү 1421 сап, «Сейтек» бөлүмү 506 сап болгон. Бул 1885-жылы «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү» деген жыйнактын 5-чи томунда жарыяланган (Бул вариант 1997-жылы «Кызыл-Суу Кыргыз басмасынан» «Карт дастан» деген ат менен басылып чыккан).

Б.В.Смирнов 1903-1904-жылдары кыргыз жергесинде болгон кезде «Семетейдин» кыска окуясын кара сөз иретинде жазып алып, аны 1914-жылы Москвада жарыкка чыгарган.

Жогоруда айтылгандар «Манас» эпосун жазып алуу, чогултуу, башка элдерге тааныштыруу иш-чараларынын алгачкылары болгон. «Манас» эпосун атайын максаттуу түрдө чогултуу, кагаз бетине түшүрүү аракеттери 1920-жылдардан кийин башталат.

**«Манас» эпосун кагазга түшүргөндөр:** Сейиф-ад-Дин Аксыкент жана анын уулу Нооруз Мухаммед, Чокан Валиханов, В. В. Радлов, Кайым Мифтаков, Ыбрайым Абдырахманов, К. Жумабаев, К. Ыдырысов, К. Кыдырбаев, К. Ысмаилов, Балбай Мамай уулу, Ху Чжен Хуа, Ли Йу Фа Чяжун, Пазыл, Сакен Өмүр, Усенаалы Алымкул. Алар «Манас» эпосун жазып алуу, чогултуу, басмадан чыгаруу иштерине катышып, эпостун бүгүнкү туруктуу басма сөз түрүндө калыптанышына, урпактан урпакка улана берүүсүнө зор салым кошушкан. Эпосту жазып алуу, чакан варианттарын кагаз бетине түшүрүү ишине жүздөгөн адамдар катышкан.

## ЭЛДИК АСТРОЛОГИЯ ЖАНА АСТРОНОМИЯ

Кыргыздар алмуздактан улуу табиятка жандаш, шайкеш мамиледе жашаган. Элибиздин табиятты ыйык көргөнү - жаратылыштын кубулуштарын пир туткандыгынан, асмандагы жылдыздарга, мезгилге карата ар бир айга, жылдарга аяр ат койгонунан, дүйнө таанымынан дапдаана көрүнүп турат.

Табиятка сыйынган кыргыздар энелик доордон бери Асмандагы элүүдөй жылдызга ат таап койгондугу бөлөк элдерге салыштырып көргөндө өзгөчө сыймыктанууучу көрүнүш. Асмандагы ай, жылдыздар бабаларыбыздын географиялык картасы, компасы жана элдик календары болгон. Көчмөн элдер, кыргыздардын ата-бабалары, он эки жылдык айбанаттар циклин биринчи ойлоп табышкан. Алар байыртан келаткан өздөрүнүн жыл эсептөөсүн (календарын) түзгөн. Ай, жылдыздардын жылышына карай бир күндүн, айдын, жыл мезгилинин эсебин билишкен. Ай, жылдыздардын абалына байкоо жүргүзүү менен адамдын мүнөзүн, тагдырын



Асман, жер, суу биримдиги. Сүрөтчү Мусабай уулу Майрамкулдун сүрөтү.

**Эсепчи (Баамдоочу).** Бул-айрым адамдардын жекече касиети. Башкалардан айырмалануучу кандайдыр бир баамы. Мисалы, табыпчылык, тамыр кармоочулук, төлгө тартуучулук, бакшылык, көзү ачыктык, бирдемелерди аңдай, дааналай билүү. Эсепчи жылдыздардын чыгышын, батышын, чилденин өтүшүн, беш тоголдун тогошун, үркөрдүн көчүшүн, асмандагы аба толкундарын, жылдын келерин, жаздын кандай чыгарын алдын-ала билип турган. Алар «кыш катуу болорун же жаз эрте чыгарын билип», «Кыш жумшак жаздын мойну узун», «Быйыл кой үстүндө боз торгой жумурткалайт», «малга токчулук болот» деп алдын ала айтышчу экен.



Күн таажысы жаратылыштагы эң кооз көрүнүштөрдүн бири.

Жаратылыштагы кубулуштардын бири болгон оттун ыйыктыгын кыргыздар бекем туткан.



аныкташкан, ыңгайлуу учурун болжоп жолго чыгышкан, жоого аттанышкан, жашоо-тиричилигин өткөрүшкөн.

Мезгилди, жылды жана мүчөлдүү жыл сүрүүнү байыркы Кытай, Египеттиктерден кем эмес билишкен кыргыздардын элдик астрономия илими эзелтен өнүккөн десек болот.

**Жылдыз санагычтар.** Байыркы замандарда эл арасында жылдыз санагычтар өтө барктуу болушкан. Алардын ай, жылдыздарга карата айткан божомолдоолоруна эл башчылары, кол башчылары өтө маани берип, журт которуп көчүп, сапарга чыккан, казатка аттанган. Алар ааламдагы жылдыздардын кыймылын байкап, ар бир адамдын же элдин тагдырын же келечегин алдын ала айтып берген.

**Айрым жылдыздардын аталышы:**

1. Алтын казык (Темир казык)
2. Чоң жетиген (Жети каракчы, чоң аюу)
3. Чолпон жылдыз (Сумбуле, Алтын жылдыз, Ак жылдыз)
4. Ай чолпону (Сары жылдыз, Топурак)
5. Кызыл жылдыз (От жылдыз)
6. Үркөр (Элек жылдыз)
7. Чычкылуу жылдыз (Суу жылдыз, Таң жылдыз, Кичи чолпон) Саманчынын жолу
8. Жашыл жылдыз (Кара күч, Эшек кырган) Кербен саба Темир казык
9. Балбылдак жылдыз (Жарык жылдыз, Көкөтөй жылдызы)
10. Кошоктолуу кош музоо (Аркар же Үч Аркар, Толтойдун огу, Тараза жылдыз)
11. Кичи аюу
12. Чидер жылдыз
13. Мерген мылтыгы менен ити
14. Кичи жетиген (Кичи аюу жылдызы)
15. Бука жылдыз
16. Эгиз жылдыз
17. Кыз жылдыз
18. Бөйөн жылдыз
19. Пери жылдыз
20. Чычкан жылдыз
21. Аркандаган ат
22. Тараза жылдыз
23. Толтойдун огу
24. Зодиак 12 топ жылдыз
25. Козу жылдыз тобу
26. Уй (Уу) жылдыз тобу
27. Босого (Эрентир, Арандыз) жылдыз тобу
28. Саратан (Күчүк) жылдыз тобу
29. Арстан жылдыз тобу
30. Сумбуле (Сунпулук, Буудай башы, Жаркырак) жылдыз тобу
31. Тараза (үлгү) жылдыз тобу
32. Чаян (чадан) жылдыз тобу
33. Жаа жылдыз тобу
34. Теке жылдыз тобу
35. Көнөк жылдыз тобу
36. Балык жылдыз тобу

**Үркөр жылдыз.** Жылдыздар тобунун эң ирдүүсү Үркөр (Элек жылдыз). Байыркы элдер Үркөрдүн батыш тараптагы көк жээкке жакындаганынан жаздын келгенин билген («Үркөр жерге түшпөй жер кызыбайт»); жайдын аягында бул топ жылдыз таң атаарда гана көк жээктен бир аз жогорулап көрүнгөн («Аяк оонада Үркөр таң менен бирге чыгат»); жайдын аягында «Үркөр таң алдында чыгып, шүүдүрүм түшүп, жер кындайт»; күзүндө Үркөр көк жээктен бийиктеп кетет. Ошондо «Үркөр төбөгө келип калыптыр» деп коюшат. Түн бир кыйла узарып, кыш ортологондо «Үркөр төбөгө келип, күн-түн теңдеп калыптыр» деген ата-бабалар. Жыл мезгилдерин башка жылдыздар тобу аркылуу да аныктаса болот, антсе да, Үркөр «үркүп чыккан байталдай» болуп, түн маалында өзгөчө бөлүнүп турат. Үркөр менен Айдын абалы боюнча жылдын гана эмес, айдын да кандай болорун аныктаган. Мындай эсепти «тогоол» деп атаган.

**Чолпон жылдыз.** Чолпон жылдызды кыргыздар ыйык жылдыздардын бири катары көрүшкөн. Элдин баамында Чолпон жылдызды ар айдын тогузунда жерге түшөт дешкен. Чолпон жылдызды суук көздөн коргойт дешип жалгыз уулу же сулуу кызынын сөөмөйүнө, билегине тогуз кызыл мончок тагышкан.

Илимпоздордун айтуусу боюнча, Чолпон жылдыз жердин «кенже карындашы». Кыргыздар жайлоого чыгарда жана жайлоодон түшөрдө Чолпон чыгар мезгилди байкап турушкан. Эл ичинде «Чолпон көрүнсө - жүк артуу керек» деген ооздон оозго өтүп келаткан накыл сөз бар. Ошентип, илгерки көчмөн ата-бабаларыбыз күн ысый электе, салкында көчүп жүрүшкөн.



Айды карап кыргыздар мезгил санагын жүргүзүп келген.

**Саманчынын жолу.** Көктө Асман Дыйканы турганда, жердеги эл эгин эгет деп болжошкон байыркы кыргыздар. Саманчынын жолу көчмөндөрдүн түшүнүгүндө саман көтөрүп бараткан дыйкандын жолу. Саманчынын жолу түндүктөн түштүктү көздөй созулгандыктан, аны «Куш жолу» деп да тергеп коюшкан. Алыс жолдо баратканда, дайыма Саманчынын жолу артында же оң жакта тургудай кылып бастырышкан.

## Айдын, жылдыздардын таасири

Байыркы кыргыздар киши төрөлгөн айды так, даана белгилөө үчүн да өзүнчө зодиак (бул сөз байыркы грек тилинде «айбан» дегенди билдирген) белгилерин колдонгон. Зодиак

**Аба-ырайынын өзгөрүшүн алдын-ала чагылдырган белгилер**

Жолборс жана коён жылдары кыш мелүүн келет.
Доңуз жылы кыш ызгаардуу келет.
Жылан, мечин жылдары жай ысык, кургак келет.
Кой жана уй жылдары жаанчыл болот.
Жөргөмүш ыкчамдап жөрмөлөсө күн ачык, жылуу болот.
Аба ырайы шамалдан билинет, шамал соккон жактан жамгыр же каар жаайт.
Чыгыштан соккон шамал эч убакта жамгыр же кар алып келбейт.